Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№13 [17009] ИШЕМБИ, 25/04/2026

АРХИВ КЫЗМАТЫ САНАРИП ТЕЙЛӨӨСҮ МЕНЕН АКТИВДҮҮ МОДЕРНИЗАЦИЯЛАНЫП ЖАТАТ



4-5-беттерде

БАЛДАР БАКЧАСЫНДАГЫ БАРААНДУУ ИШТЕР



8-бетте

“САБАКТАН САХНАГА -2026” КАРОО- СЫНАГЫ



2-бетте

Адабияттын абийири, улуттун сезими: Салижан Жигитов — 90 жашта



2-бетте

КЫРГЫЗДЫН АЛГАЧКЫ ГЕНЕРАЛЫ



3-бетте

Облус башчысы спортчуларды сыйлады



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев Ош облусунун аймагында өткөн дзюдо боюнча эркектер жана кыз-келиндер арасындагы биринчилик чемпионатында байгелүү орундарды ээлеген спортчуларды жана аларды даярдаган машыктыруучуларды кабыл алды.

Жолугушуунун жүрүшүндө облус башчысы спортчуларды жеңиштери менен куттуктап, алдыдагы мелдештерге ийгиликтерди каалады. Ошондой эле ал өлкөнүн, анын ичинде Ош облусунун атын дүйнөгө таанытууга салым кошуп жаткан спортчуларды ар тараптуу колдоого даяр экенин белгиледи.

Иш-чаранын соңунда жеңүүчүлөргө акчалай сыйлыктар жана Ыраазычылык баракчалары тапшырылды.

Сыйлык алган спортчулар: Бакирдинов Нурмухаммед, Култаев Актилек, Бекмамат кызы Айсулуу, Өмүрзакова Жибек жана машыктыруучу Аттокуров Илимбек.

Даярдаган: К.Кыдыралиева.

"Сабактан сахнага -2026" кароо- сынагы



Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде факультеттер жана бөлүмдөрдүн ортосунда уюштурулган "Сабактан сахнага - 2026" шоу -программадагы маданий-интеллектуалдык мелдешинин финалдык этабы өттү.

Иш -чара Ош шаарындагы Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрында болуп, ага окуу жайдын ректору Бекмурза Зулуев, КРнын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин төрагасы Саламат Боёнов, кесиптик бирликтин Ош облусу боюнча өкүлү Абсамат Саттаров, Ош шаарындагы маданий өкүлдөр, окутуучулар жана студенттер катышты.

Аталган саамалык Кыргыз Республикасынын Президентинин №369 "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгузолу жөнүндө жарлыгынын алкагында ОшМПУнун кесиптик бирлик комитети жана коомчулук менен байланыш бөлүмү тарабынан уюштурулду.

Мелдешке жалпы 8 команда катышып, калыстар тобунун баалоосу менен жыйынтыгында III-орунду математика жана компьютердик технологиялар факультетинин "Логика пульсу" жана колледждин "Билим деми - биримдикте" командалары багындырып, диплом, белектер жана 25 000 сомдон акчалай сыйлык менен сыйланышты. II-орунду музыкалык-педагогикалык факультетинин "Алтык казык" командасы ээлеп, диплом, белектер жана 40 000 сом ал эми I-орунду колледждин "Рух деми" командасы жеңип, 1-даражадагы диплом, белектер жана 60 000 сом өлчөмүндө акчалай сыйлыкка ээ болушту.

Ошондой эле мелдешке активдүү катышкан "Бөбөктай" МЧББнын "Тарбия кербени" , Кыргыз-Россия факультетинин "Бийиктик", Табият таануу, география факультетинин "Табият" жана Гуманитардык факультетинин "Nomad" көчмөндөр командалары атайын диплом, 10 000 сомдон акчалай сыйлык, белектер жана университеттин атынан ар бир катышуучуга Ташкент шаарына жолдомо ыйгарылды. Бул менен бирге таймашка өзгөчө даярдык менен катышкан ардагер кызматкерлер Бурул Кыдыровага, Шамир Мондошовго жана Гулзада Сагынбаевага борбордук комитеттин атынан жайкы эс алуу үчүн Ысык-Көлгө "Кызыл гвоздика" ден-соолук чыңдоо борборуна жолдомо тапшырылды.

Белгилей кетсек, аталган мелдеш 3 баскыч менен өтүп, командалар буга чейин видеоролик тартуу жана интеллектуалдык таймаш аркылуу упай чогултуп келишкен. Финалдык баскычында катышуучулар сахнада чыгармачылык-чеберчиликтерин саламдашуу, ырдоо, тамаша таймашы жана өзгөчө өнөр аркылуу көрсөтүшүп, көрүүчүлөргө жагымдуу маанай тартуулашты. Иш чарага жакындан колдоо көрсөткөн демөөрчүлөргө: Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетине, "Барбол" кондитердик фирмасына, жеке ишкерлер: Сатыбалдыев Курстанбек Камбаралиевичке, Ташиев Алтынбек Аликовичке жана Руслан Пазыловго уюштуруу тобу ыраазычылык билдирет.

ОшМПУнун басма сөз кызматы.

Эскерүү

Адабияттын абийири, улуттун сезими: Салижан Жигитов — 90 жашта

Кыргыз руханий дүйнөсүндө өзүнүн кайталангыс орду, тайманбас чындыгы жана бийик интеллектуалдык деңгээли менен из калтырган инсандар сейрек. Мына ошол саналуу алптардын бири — Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу, белгилүү адабиятчы жана коомдук ишмер Салижан Жигитов. Быйыл залкар ойчулдун туулган күнүнүн 90 жылдык мааракеси белгиленип жатат. Ага карата кыргыздын кыраан инсанынын алты томдук мурасы басмадан чыгарылды, келечек муун үчүн баасыз белек болду.



Салижан Жигитов 1936-жылы 17-мартта Ош облусунун Өзгөн районундагы Көлдүк айылында төрөлгөн. Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин 1959-жылы аяктаган. Эмгек жолун 1959-жылы мектепте мугалимдиктен баштаган. Кыргыз ССР ИАнын Тил жана адабият институтунда сектор башчысы, КР Президентинин кеңешчиси, КРдин Өзбекстандагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Гуманитардык билимдер институтунун директору болуп иштеген.

Кыргыз элинин тарыхындагы алгачкы көп томдуу улуттук энциклопедияны түзүүгө зор эмгек сиңирген. Өткөн мезгилдеги өлкөнүн коомдук саясий турмушунун орчундуу маселелери жөнүндө макалаларды, ошону менен катар адабият тарыхын жаңыча талдап – түшүнүүгө арналган бир нече эмгек жазган.

Салижан Жигитов — жөн гана адабиятчы эмес, ал улуттук аң-сезимди ойготкон, коомдун жүрөгүн козгогон, кыргыз интеллигенциясынын "абийири" катары таанылган инсан эле. Кыргыз элинин руханий дүйнөсүндө өчпөс из калтырган улуу инсандын калеминен жаралган ар бир макала, ар бир учкул сөз коомдун кечээгисин талдап, бүгүнкүсүн күзгүгө салып, эртеңкисин көрө билген көрөгөчтүгү менен айырмаланат.

Ал эч качан жасакерликке барбай, ачуу болсо да чындыкты бетке айткан калыстыгы менен элдин эсинде калды. Кыргыз адабият таануу илимин дүйнөлүк деңгээлге көтөргөн, теориялык жактан терең сугарылган окумуштуу. Ал улуттун келечеги, тили жана маданияты үчүн чын дилинен күйүп, кемчиликтерди аёосуз сынга алуу менен өсүүгө чакырып келген. Анын тамаша аралаш курч сатирасы — бул жөн гана күлкү эмес, бул коомдун оорусун дарылоочу каражат эле.



Анын ар бир сөзү таразага салынгандай так, маңыздуу экени байкалат. Ал ар убак элдин тагдыры, улуттун келечеги, адамдык нарк-насил жөнүндө терең ой жүгүрткөн. Анын ойлору бүгүн да актуалдуулугун жоготпой, окурмандын жан дүйнөсүн ойготот.

Салижан Жигитов — чындыкты тайманбай айткан, адилеттикти туу туткан инсан эле. Анын жазгандарынан чынчылдык, түздүк жана руханий тазалык сезилет. Мындай сапаттар ар бир адам үчүн үлгү болууга тийиш. Айрыкча, анын элине болгон сүйүүсү жана жоопкерчилиги ар бир сөзүндө даана байкалат. Ал кыргыз коомунун кемчиликтерин жашырбай, ошол эле учурда анын жакшы жактарын да бийик баалаган.

Биз бүгүн анын "биз кимбиз, кайда баратабыз?" деген суроосуна жооп издеп, ал калтырган мурастын баалуулугун кийинки муунга өткөрүп берүүгө милдеттүүбүз. "Салижан Жигитов — бул кыргыз рухунун сергектиги. Ал бар жерде адабиятта калп жашачу эмес, ал бар жерде ойлор токтоп калчу эмес." Бүгүнкү 90 жылдык мааракe — бул улуу устаттын жаркын элесине таазим кылуу менен бирге, анын осуяттарын, чыгармачылык бийиктигин дагы бир ирет даңазалоо.

Анын мурасы — биз үчүн баа жеткис казына. Анын ойлору жаш муунду тарбиялоодо, улуттук баалуулуктарды сактоодо чоң мааниге ээ. Биз аны эстеп гана тим болбостон, анын идеяларын турмушта колдонууга аракет кылышыбыз керек.


Ал кишинин карапайым калкка жакындыгы, куйкум сөздөрү, жана да жаш баладай кыял жоруктары аны билген, тааныгандардын эсинде аңыз болуп айтылып келет. Ал өзүнүн кайталангыс ой-пикирлери, көз-караштары жана эмгектери менен элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан. Анын жараткан кайталангыс эмгектери эл арасында кеңири белгилүү, айрыкча акындын "Шуулдаба теректерим" деген ыры окурмандарга терең таасир калтырган.

Салижан Жигитов — кыргыз элинин сыймыгы, сөздүн күчүн түшүнгөн, ойдун тереңдигине жеткен улуу инсан. Анын жаркын элеси жана терең ойлору түбөлүк жашай берет.

А.МАТИЕВА.

Мыйзамдуулук

Нотариалдык кызмат маанилүү



Ноокат районундагы нотариалдык кызматты жетектеп келе жаткан тажрыйбалуу адис Сыргабаев Алтынбек Аманканович аткарып жаткан иштери жөнүндө сөз кылабыз.

Алтынбек Аманканович мыйзамдуулукту бекем сактоо менен биргеликте, жарандардын укуктук кызыкчылыктарын коргоо багытында үзүрлүү эмгектенип келүүдө. Жетекчи катары Алтынбек Сыргабаев нотариалдык кызматтын ишин уюштурууда тактыкты, тартипти жана жоопкерчиликти биринчи орунга коет. Ар дайым калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатууга, документтерди мыйзам чегинде туура жана өз убагында даярдоо иштерин жолго койгон. Өзүнүн көп жылдык тажрыйбасынын негизинде Ноокат шаарынын жана Ноокат районунун жарандарынын кайрылууларына кылдаттык менен мамиле жасап, ар бир маселени мыйзам чегинде чечүүгө көңүл бурат. Айта кетсек, мурас, ишеним кат, келишим сыяктуу маанилүү документтерди так жана туура чечкендигин айтып кетүүгө болот. Бирге иштеген эмгек жамаатында да кадыр-баркы бар жетекчи. Кызматкерлердин ишин координациялоо менен бирге мекеменин туруктуу иштешине өзүнүн салымын кошуп келе жатат. Алтынбек Аманкановичтин коомдо укуктук маданиятты жогорулатууда далалаты чоң.

Биздин коомдо жашап жаткан жарандардын укуктарын коргоодо жана юридикалык документтердин мыйзамдуулугун камсыз кылууда нотариустардын эмгеги чоң. Нотариус-мамлекеттик же болбосо жеке тартипте иш жүргүзгөн юридикалык мааниге ээ аракеттерди аткаруучу адис болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында нотариустардын ишмердүүлүгү негизинен Кыргыз Республикасынын «Нотариат жөнүндө» мыйзамы менен жөнгө салынат. Бул мыйзам нотариустардын укуктарын, милдеттерин, жоопкерчилигин жана иш жүргүзүү тартибин аныктайт. Ошондой эле нотариустар өз ишинде Жарандык Кодекске жана башка ченемдик- укуктук актыларга таянышат.

Нотариустун эн негизги милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- келишимдерди, ишеним каттарды күбөлөндүрүү;

-мурастоо укуктарын тариздөө:

-документтердин көчүрмөлөрүнүн тууралыгын тактоо;

-кол тамгалардын аныктыгын күбөлөндүрүү;

-жарандардын укуктук мааниге ээ арыздарын жана фактыларын бекитүү.

Нотариус ар бир ишинде мыйзамдуулукту, калыстыкты жана купуялуулукту, сактоого милдеттүү. Анын ишмердүүлүгү жарандардын ортосундагы талаш-тартыштарды алдын алууга жана укуктук мамилелерди так жөнгө салууга багытталган.

Учурда, нотариалдык кызматтар жарандардын күнүмдүк жашоосунда кеңири колдонулуп, мүлккө болгон укуктарды коргоодо, үй-бүлөлүк жана мурастык маселелерди чечүүдө маанилүү ролду ойнойт. Андыктан, нотариус-коомдогу ишенимге ээ, жоопкерчиликтүү кесиптердин бири болуп эсептелет.

Бурма Ысакова.

Тарых күүсүндөгү инсан

КЫРГЫЗДЫН АЛГАЧКЫ ГЕНЕРАЛЫ

Бир карасаң, кыргыз генералы Ысакбек Монуев жөнүндө көп эле айтылгандай, жазылгандай. Бирок, иликтей келсек, айтчу сөздөр али алдыда тура. Анткени, анын кичүү иниси, эмгек ардагери, Мады айылынын жашоочусу Өмүрали Монуевге жолукканыбызда ал бизге генералдын өмүр баяны, ишмердүүлүгү тууралуу узун сабак сөз айтып, узакка маектештик. Ал көпчүлүккө белгисиз көптөгөн маалыматтарды айтып берди.

- Убакыт дегениң учкан куш, колго жукпаган суу тура. Генерал жөнүндө жакшы билген кечээ эле жаныбызда жүргөн аксакалдардын көзү өтүп кетти. Көбүрөөк сүйлөп берсем ашыкча болбостур. Мүмкүн болсо, мен айткандарды толук жарыялап берсеңер, “Ош жаңырыгы” гезити кийинки муун үчүн ишенимдүү булак катары кызмат кылат деп ойлойм.

Ысакбектин бешинчи атасы Бакы. Бакынын бешинчи уулу Абдырай бий. Бир күнү Бөрүтокой деген жерде элди анын мал мүлкүн чаап бараткан Ат-Башылык Ажибек баатыр Абдырай бийди чакыртса, анын жигиттерине керек болсо өзү келсин деп айткан экен. Абдырай бий кезегинде кадимки Алымбек датка менен араздашып, Коконго чейин ары-бери болгон жайы бар деп айтылат. Абдырай бийдин уулу- Мамбет, Полот. Полоттон- Карагул, Чамаш. Чамаш Сейитахун, Калыкберди, Кадырберди, Мону аттуу 4 уулдуу болот.

Айрым маалыматтарда Ысакбек Улуу-Чат ооданынын Кошөтөк деген жерде жарык дүйнөгө келген деп айтылып жүрөт. Чындыгында, Ысакбек 1902-жылы күз айларында Нуранын Тайчыкпас деген жеринде жарык дүйнөгө келген. Анткени, Чамаш кичүү уулу Монуну жашынан агасы Карагулдун колуна берип, Мону улуу уулу Ысакбек туулганча Нурада жүрөт.

Монунун биринчи аялынын аты Кадича. Андан Ысакмат (кийин Ысакбек болуп өзгөрүп айтылып калган), Чүрөк, Шаакмат, Мырзакмат, Бүбүкан, Атакмат, Кожоакмат, Сулуу, Ажакмат аттуу 5 уул, 3 кыз төрөлөт. Кадича апабыз Ажакмат туулганда төрөттөн каза болгон экен. Мону ажы андан кийин биздин апабыз Таасилге үйлөнүп, андан Термез, Абийба, Өмүрали аттуу 2 уул, 1 кыздуу болот. Мен туулгандан көп өтпөй апам каза болот. Атабыз Ноокаттык байыштардан Паиз деген аялга үйлөнгөн экен.

Айтууда Мону атабыз кенже уул болгонуна карабастан, энчи алуудан баш тартып, мүлктүн көбүн агаларына ыйгарыптыр. Ал соодага аралашып, тез эле ирденип кеткен деп айтылат. Арапча кат тааныган, анчамынча дин илими бар Мону Улуу-Чаттын алдыңкы адамдарынан болууга жетишет. Ал алыс-жакынга жөнөгөндө ар дайым чоң уулу Ысакбекти кошо ала жүрөт.

Ысакбек Монуев көп аял алган эркектердин катарына кирет. Анын биринчи аялынын аты- Быйпы. Ал 2 уул төрөгөн, бирок экөө тең кичикий кезинде учуп кеткен. Аны менен ажырашкандан кийин Мактым деген кызга үйлөнөт. Ал Амбарбек аттуу уул төрөгөн. Бөбөк кичине кезинде каза болуп, андан көп узабай Мактым да каза болот. Андан кийин Гүлай менен баш кошот. Андан Маматурсун аттуу уул төрөлүп, ал да өтүп кеткен. Төртүнчү аялынын аты- Турганбүбү. Ал Абдыкайым аттуу уул төрөгөн, Абдыкайым, Айчүрөк, Жеңиш, Нурдин. Бешинчи аялынын аты- Айша. Айша жеңеден Асхат аттуу уул төрөлгөн. Асхаттын Айгүл, Жыпар, Жылдыз, Жаныбек аттуу уул-кызы бар. Алтынчы аялы уйгур жеңебизден Азиз аттуу уул көргөн. Азиз акебиз бир жолу Кыргызстанга келип кеткен.

Окурманга түшүнүктүү болсун үчүн, ошол кездеги Кытайдагы тарыхый кырдаалга көз чаптырып өтүү туура болчудай...

1911-жылы Кытайды бийлеген 300 жылдык Цинь империясы кулап, анын ордуна Кытай Республикасы түзүлгөн. Кытайдын жаңы бийлиги Шинжаң аймагын мурдагыдай эле колониялык абалда башкарууну уланткан. Бала кезден арапча кат тааныган тың чыкма 16 жаштагы Ысакбекти 1918-жылы Сымкананын эли бий кылып шайлаган. Шинжаң өкмөтү советтик чек араны кайтаруу үчүн 1925-жылдан тарта жергиликтүү кыргыздардан аскер ала баштаган. Ар кандай көтөрүлүштөрдү басуу үчүн да кыргыздар аскерге алынган. Кашкардагы Кытай бийлиги Ферганадан качып барган басмачылардын алдын алуу үчүн Улуу-Чаттык кыргыздардан чек ара көзөмөлдөөчү аскер отряддарын түзүүгө киришет. Ысакбек Чыпак казынын уулу Шабдандын аскер отрядына кирип, кийин командирдин орун басарына чейин жетет. Шабдандын басмачылар менен кызматташып жаткандыгын баамдаган Ысакбек аны менен кол үзүп, өзүнүн айылында аскер курайт. Анын аскердик отряды бара-бара саны, сапаты жагынан жогорулап, мезгили келгенде Түштүк Шинжандагы олуттуу күчкө айланат.



30-жылдардын башында чоң багыш уруусунун мыкты чыкмасы Осмонаалы кыргыз басмачыларынын жардамы менен Кашкар шаарынын бир бөлүгү Эски- Кашкарды басып алып, өзүн пааша деп жарыялап, белгилүү бир мезгилге чейин бийлик жүргүзгөн. Анын аскер башчысы кадимки алайлык Ади корбашы, кеңешчиси өзгөндүк Жаныбек казы, казына башчысы Чыпак казы болгон.

1933-жылы Шинжанда улуттук боштондук кыймылы күч алып, генерал-губернатор Цзин-Шужен кызматтан кетүүгө аргасыз болот. Натыйжада эки өкмөт түзүлөт: Түндүгүндө бир кыйла прогрессивдүү, демократиялык идеяларды колдомуш эткен - Жаңы -Үрүмчү өкмөтү, ал эми Кашкарда аңглиялык багыттагы Сабитдамылда Абдулбакиевдин башчылыгындагы -Чыгыш Түркстан өкмөтү.

Чыгыш Түркстан өкмөтүнүн таянган тоосу аңглиялык чалгындоо кызматынын куурчагына айланган советтик басмачылардын уюгу болчу. Чыгыш Түркстан өкмөтүндө кыргыздардан чыккан Чыпак казы өкмөт башчысынын орун басары болчу. Ороз аскер башчысы кызматын алат. Баса, буга чейин Осмоналы паашанын Кашкардагы бийлиги кулап калган болчу.

Жаңы- Үрүмчү өкмөтүнүн администрациясы үчүн полк командири Ысакбек Монуев абдан таасирдүү адам болгондуктан, аны менен ар кандай маселелелерде эсептешип, анын койгон талаптарын аткарууга мажбур болгон. Ал Кызыл-Суу кыргыздардын социалдык- экономикалык абалын оңдоого, жогору көтөрүүгө жетишкен.

1934-жылы Ысакбекке өчөгүшкөн басмачылар атасынын агасы Кадырберди менен бир тууган иниси Шаакматты атка сүйрөп өлтүрүп кетишкен. Кийин Чыгыш Түркстан өкмөт башчысынын орун басары Чыпак казы менен Шабдан колго түшүп, камакка алынат. Сабитдамылда Абдулбакиевдин башчылыгындагы Чыгыш Түркстан өкмөтү да Ысакбектин күчү менен жоюлат. 1934-жылдын акырында Ысакбек 2500гө чамалап барган өзүнүн 35-атчандар полку менен Кашкарга жайгашат.

1935-жылы Жаңы Үрүмчү өкмөтү Ысакбектин 35-атчандар полкун таратып, аны Улуу-Чат ооданына аким кылып жөнөтөт.

Үрүмчүдөгү өкмөт аны 1937-жылы кайрадан аскердик кызматка чакыртууга аргасыз болот. Себеби, 1937-жылы апрелинде Хотен шаарында жайгашкан уйгур дивизиясынын командири Мамутмисжан Мухитов менен дунган дивизиясынын командири Ма Хусянь Үрүмчү өкмөтүнө баш ийүүдөн баш тартып, көтөрүлүш чыгарат. Регулярдуу 2 дивизияны басууга Шен Шицайдын жергиликтүү өкмөтүнүн чамасы чак болчу.

Монуевге кытайча люйжан (бригада генералы) аскер чини ыйгарылат. Үрүмчү аскер округунун командачысы, кытай Лу Си Мин, советтик белгилүү аскер кызматкери Павел Рыбалко жол-жобо көрсөтүп , жакындан жардам бергендигин белгилеп кетүү абзел.

1938-жылы 12-июлда Ысакбек Турпанда жүргөндө бригада ичинде чарба башчысы Сыдыкбек тарабынан кутум (заговор) уюштурулуп, 42 командирдин 23 офицери атылып кеткен. Алардын ичинен Жолдошалы Мырзабеков жамбашынан жарадар болуп, Молдосабыр Матназаров менен Кашаң атуу офицер тирүү калат.

(уландысы кийинки санда)

Материалды даярдаган: Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик

Бактыбек Айылчиев:

«Архив кызматы санарип тейлөөсү менен активдүү модернизацияланып жатат»

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик архив кызматы быйылкы жылы өзүнүн түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгын белгилейт. Түзүлгөн күндөн баштап архив кызматы бир кылымдык тарыхында өнүгүү жолун улап, бүгүнкү күндө заманбап шарттарда иштеп жатат. Белгилесек, архив –мамлекетте болгон бардык багыттагы өнүгүү процессин камтыган казына. Иденттүүлүктү жана маданий баалуулуктарды кайрадан карап чыгууга баалуу булак катары кызмат кылат. Архив кызматы мамлекеттин эң бай маалымат ресурсу. Тармак бүгүн архивдик документтерди санариптештирүү, алардын андан ары сакталышын камсыз кылуу жана пайдалануу фондун түзүүгө, ошондой эле архивдерди электрондук документ жүгүртүү системасына интеграциялоону көздөөдө. Бизге Ош регионалдык архив кызматынын начальниги Айылчиев Бактыбек Болбурович мамлекеттик архив кызматынын тарыхы жана азыркы учуру тууралуу айтып берди.



-Мамлекеттик архив кызматынын тарыхы тээ XX кылымдын башынан башталат. Кененирээк токтолсок, 1926 -жылдын 30- августунда Кара-Кыргыз автономдуу облусунун Аткаруу комитетинин “Кара-Кыргыз автономдуу облусунда архив ишин уюштуруу жана Кара-Кыргыз автономдуу облусунун аймагындагы мекемелердин архивдик материалдарын жөнгө салуу жөнүндө” токтому чыккан. Андыктан мамлекетибиз эгемендик алгандан кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993- жылдын 26- октябрындагы №10 токтомуна ылайык, 30 -август Кыргыз Республикасынын архивчилеринин кесиптик күнү катары белгиленип келатат.

Белгилей кетсек, Архив кызматы түзүлгөндөн бери ар түрдүү түзүмдүк өзгөрүүлөргө дуушар болду. 1926 -жылы Кара-Кыргыз автономдуу облусунун Аткаруу комитетине караштуу Архив бюросу уюштурулган. Анда болгону эки гана адам иштеген. 1927- жылы Кыргыз АССРнин Борбордук аткаруу комитетине караштуу Борбордук архив башкармалыгы болуп түзүлгөн. 1931-1937 жылдар аралыгында облустук, шаардык, райондук архивдер уюшулуп, архив мекемелеринин кызматкерлеринин саны 45ке жеткен. 1938-жылдын 10-сентябрынан тартып Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун токтомуна ылайык, Борбордук архив башкармалыгы Кыргыз ССР НКВДсынын карамагына өткөрүлүп, башка архив мекемелери НКВДнын жергиликтүү органдарына баш ийген. 1960- жылы Кыргыз ССР Министрлер Советине караштуу архив бөлүмү болуп кайра түзүлгөн. 1991- жылга чейин мамлекеттик архивдер административдик жактан Кыргыз ССР Министрлер Советине, функциясы боюнча СССР Министрлер Советине караштуу Башкы архив башкармалыгынын көзөмөлүндө болгон. 1991- жылы КР Министрлер Кабинетине караштуу Башкы архив башкармалыгы, 1992- жылы КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик архив агенттиги, 1998- жылы Билим, илим жана маданият министрлигине караштуу Архив иши боюнча департамент, 2001- жылы ошол эле министрликке караштуу Архив иши боюнча башкармалык, 2003- жылы КР Өкмөтүнө караштуу Архив агенттиги деп аталган. Ал эми 2009- жылы КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Архив агенттиги болуп түзүлгөн. 2021- жылдан бери КР Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине караштуу Архив кызматы болуп түзүлүп, азыркы күндө ушул макамда иштеп жатат. Архив кызматына 3 борбордук архиви, Бишкек шаардык жана 7 облустук архивдери, 53 райондук жана шаардык архивдери кирет. Архив мекемелеринде 700дөн ашуун кызматкерлер эмгектенет. Архив мекемелеринде 4,5 миллиондон ашуун сактоо бирдигиндеги документтер сакталат.



Ал эми Ош облусундагы архив кызматы 1929- жылдын 1-мартында түзүлгөн. Алгач Ош жана Жала-Абад шаарларындагы мекемелердин документтери гана кабыл алынган. 1930- жылы округдар жана кантондор жоюлгандан кийин Ош округдук архив бюросу Ош мамлекеттик архиви болуп түзүлүп, анын курамына кайра түзүлгөн 6 райондук архивдер кирген. 1940- жылы 26- январда Ош облустук архиви түзүлгөн. Архив кызматынын 2022- жылдын 8-июлундагы №71 -буйругунун негизинде Архив кызматынын Ош региондук башкармалыгы болуп түзүлдү.

Азыркы күндө Архив кызматынын Ош региондук башкармалыгынын топтоо булагында 381 мекеме жана ишканалар бар. Анын ичинде райондор боюнча 307 мекеме- ишкана, Ош облустук 74 мекеме- ишкана бар. Ош региондук башкармалыгында жалпы 1898 фонд, 480 174 сактоо бирдиги бар. Анын ичинде Ош облустук архивинде 927 фонд, 226624 сактоо бирдиги, райондук архивдерде 971 фонд жана 253550 сактоо бирдиги камтылган. Ош региондук башкармалыгында 4 бөлүм бар, мамлекеттик архив инспекциясы, документтерди санариптештирүү боюнча 2 инженер- программист иштейт. Башкармалыкта 131 кызматкер иштейт. Райондор боюнча айтсак, Алай райондук архиви 1973- жылы, Араван, Кара-Суу, Кара-Кулжа, Ноокат жана Өзгөн райондук архивдери 1977-жылы, ал эми Чоң-Алай райондук архиви 1992-жылы түзүлгөн.

Айта кетсек, Архив кызматынын негизги максаты Ош облусунун аймагындагы мекеме жана ишканалардын документ жүргүзүүсүнө усулдук жардам берүү жана мамлекеттик сактоону уюштуруу болуп саналат. Учурда архив кызматы «Түндүк» порталы аркылуу санарип тейлөөсүн киргизип, активдүү модернизацияланып жатат.

Ош региондук башкармалыгынын иш-аракетин жакшыртуу багытында бир катар иштер аткарылды. Архив кызматынын 100 жылдыгына карата түзүлгөн иш планына ылайык иштер жүргүзүлүүдө. Райондук мамлекеттик архивдеринде өрт коопсуздугуна жана техникалык эрежелерди сактоо боюнча жооптуу адамдар, өрт чыккан мезгилде ыкчам аракеттерди көрүү боюнча ыктыярдуу тобу түзүлүп, атайын буйрук дайындалып, эвакуация пландары бекитилип, көрүнүктүү жайга илинди. Дубал газеталар жазылып, илинди. Көргөзмө, саякат уюштурулуп, макалалар жарык көрүүдө. Башкармалыктын жана райондогу архивдердин тарыхын баяндаган китеп даярдалып, жарыка чыкмакчы.

Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу максатында коррупцияны четтетүү үчүн пландар түзүлгөн. Архивдик маалымат берүүдө ачык -айындыкты камсыз кылуу максатында бирдиктүү терезе иштеп жатат. Келген жарандарга жагымдуу шарттар түзүлгөн. Бардык архив мекемелеринде мамлекеттик сактоого алынган документтердин сакталуусун камсыз кылууга багытталган чаралар көрүлдү. Тиешелүү документтер реставрацияланды, айрым өчүп бараткан тексттер калыбына келтирилди, документтердин түгөлдүгүн жана абалын текшерүү боюнча сактоо бирдигине тактоо иштери жүргүзүлдү. Документтердин сапаттуу сакталуусун камсыз кылуу максатында температура, нымдуулук, чаңдан тазалоо, ар бир айдын аягында санитардык күндөрдү өткөрүү, дезинфекциялоо иштери жүргүзүлөт. Мекемелердин сактоо бирдигиндеги туруктуу сакталуучу документтерди кабыл алуу, архивдерине уюштуруу усулдук жактан жардам көрсөтүү жана көзөмөл боюнча тийиштүү иштер аткарылууда жана семинарлар уюштурулууда.

Архив мекемелеринде иш шарттарын жакшыртуу максатында компьютердик техникалар менен камсыздоо, интернет, электрондук почта, сканер, факстарды колдонуу менен иш жүргүзүлүүдө, жаңы жабдуулар алынууда. Электрондук документ жүргүзүү системасы иштейт. “Архивдик фонд 5” программалык комплексин жүргүзүүдөгү иштер багытында Ош региону боюнча 44 фонд программага киргизилди.


2025- жылы Алай, Ноокат, Кара Суу райондорунун имараттары, ТААМКСДА архивинин жана Ош региондук башкармалыгынын Раззаков көчөсүндө жайгашкан №4 документ сактоочу жайы ремонттолду. Белгилей кетчү нерсе, быйыл республикабыздагы архив кызматынын 100 жылдыгына карата Президентибиз Садыр Нургожоевич Жапаров тарабынан чоң көңүл бурулуп жатат. Анын натыйжасында Кара-Суу райондук архивинин имаратын курууга 10 млн. сом жана Ноокат райондук архивинин имаратын курууга 8 млн. сом бөлүндү. Ошондой эле Чоң-Алай райондук архивинин имаратын курууга өздүк каражаттан, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев тарабынан, Өнүктүрүү фондунан акча каражаты бөлүндү.

Сөз соңунда айтаарым, Ош регионалдык архив кызматы бардык түзүмдөрү менен улам шарттарды жакшыртып, өз иш-аракетин мындан ары да жогорку деңгээлде жүргүзө бермекчи.

архив кызматынын 100 жылдыгына карата

Маанилүү орунду ээлеген бөлүмдөр калк кызматында

Ош регионалдык архив кызматынын бөлүмдөрүндө иш сапаттуу жана ыргактуу жүргүзүлөт. Бөлүмдөрдүн бири-уюштуруу-кадр иштери жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү архив тармагындагы узак жана жоопкерчиликтүү кызматтын борбору болуп эсептелет. Бөлүмдүн ишмердүүлүгү архив документтерин сактоо, кадрларды башкаруу жана мекеменин ички иш кагаздарын уюштуруу багытында жүргүзүлөт. Архив системасында аталган бөлүм өзгөчө мааниге ээ. Дал ушул бөлүм архив мекемесинин ички тартибин, кадр саясатын, кызматкерлердин эмгек мамилелеринин жана документ жүгүртүүнүн так жүргүзүлүшүн камсыздап келет. Бул бөлүмдүн тарыхы-бул адамдардын тарыхы. Бир кылымдык жол бул жөн гана убакыт өлчөмү эмес, бул талыкпаган эмгек, жоопкерчилик, мамлекетке берилгендик менен аткарылган кызматтын улуу тарыхы. Архив элдин эсутутуму, мамлекеттин документалдык мурасы, тарых менен бүгүнкүнү байланыштырган алтын көпүрө. Бөлүмдү Үсөн Эргешов жетектейт.























Маалымат берүү, документтерди колдонуу жана жарылоо бөлүмү жарандардын, коомдун, мамлекеттин маалыматка болгон талабын канааттандыруу максатында архивдик документтерди колдонуп, маалымат алуучулардын талабын канааттандырып, маалымат берет. Бөлүмгө социалдык укуктук, генеологиялык, тематикалык маанидеги суроолор түшөт. Жарандардын жумушка орногондугу, бошотулгандыгы жөнүндөгү буйруктары, эмгек стажы, эмгек акысы тууралуу, үлүш жер алгандыгы боюнча, фамилиясын өзгөрткөндүгү боюнча, баланы асыроо, камкорчу болгон фактылары, жарандарга турак жай салуу үчүн жер тилкелеринин берилгендиги, алып сатуу, белекке берү, мураска калтыруу жөнүндөгү маалыматтар берилет. Ошондой эле турак жай салуу боюнча келишимдери, менчик укугу боюнча күбөлүктөрү, билими, ардактуу наамдары, илимий даражалары, медаль, Ардак грамота менен сыйлагандык боюнча, туугандык байланыштары, жашагандыгы жөнүндө маалыматтар берилет. Тиешелүү тараптарга каттар жиберилет. Окуу залы бар. Изилдөөчүлөрдүн темасына байланыштуу документтер изилдөө үчүн окуу залына берилет. Көргөзмөлөр уюштурулат, газеталарга макалалар чыгарылат, телекөрсөтүүлөр уюштурулат, архивге саякаттар өткөрүлөт. Учурда бөлүмдү Айнагүл Урусова жетектейт.

Мирбек Матоморов жетектеген Документтерди иргеп- ирээттөө бөлүмү КР Өкмөтүнүн 1994- жылдын 11-октябрындагы “Улуттук архив фондусу” жөнүндөгү мыйзамынын негизинде жүргүзүлүп, комплектилөө булактарына киргизилген мекеме- уюмдарда документтердин баалуулугун аныктоочу экспертизаны уюштурат. Документтердин баалуулугун аныктоочу экспертизаны жүргүзүү уюмдарда иш жүргүзүү боюнча көктөмөлөрдүн номенклатурасын түзүүдө жана документтердин көктөмөлөр боюнча туура бөлүштүрүлүүсүн текшерүүдө, көктөмөлөрдү сактоого алууда, ведомстволук архивдерде көктөмөлөрдү мамлекеттик сактоого өткөрүү уюшулат. Ар бир мекеме жана уюмдар үчүн Эсеп бөлүмү архив системасынын туруктуулугун, ишенимдүүлүгүн жана үзгүлтүксүз штешин камсыз кылган негизги түзүмдөрдөн бири болуп саналат.

Документтердин эсебин алуу архив ишинин өзөгүн түзгөн жооптуу иш. Ар бир документти так каттоо, фонддор боюнча жайгаштыруу, эсептик маалыматтарды так жүргүзүү архив ишинин сапатын аныктаган башкы көрсөткүчтүн бири болуп эсептелет.

Мекемелер менен иш алып барууда бөлүм тарабынан КРнын Улуттук архив фондусун тийиштүү документтер менен мамлекеттик архивге документтерди тапшыруунун тиешелүү мөөнөттөрү каралган.



Мурат Кырбашев жетектегенАрхивдик документтердин эсебин алуу жана сактолышын камсыздоо бөлүмүнүн орду өзгөчө. Себеби, тарыхый мурастын түбөлүктүүлүгү дал ушул багыттагы тынымсыз, так жана жогорку жоопкерчилик менен жүргүзүлгөн эмгекке таандык. Документтерди эсепке алуу, ирээтке келтирүү, коргоо, сактоо шарттарын камсыз кылуу архив ишинин жүрөгү. Архив мекемелеринин ишмердүүлүгүндө бул бөлүм өзгөчө мааниге ээ. такай толуктоо үчүн архивдин комплектөө булактарына мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары, жергиликтүү башкаруу органдары, ошондой эле алардын тармактык мекемелери жана уюмдары милдеттүү түрдө мамлекеттик архивдердин комплектоо булактарынын тизмесине киргизилет. Ал тизмеге кирген мекемелер архивге туруктуу сактоого документтерин тапшырып турушат. Архивдеги топтоо булактын тизмесине кирген ар бир мекемени көзөмөлдөө үчүн бөлүмдө көзөмөлдөө көктөмөсү ачылган. Бөлүмдүн кызматкерлери КР Конституциясына, КР ПРезидентинин жарлыктарына, КР Министрлер Кабинетинин токтомдоруна жана Архив кызматынын усулдук көрсөтмөлөрүнө, КР “Улуттук архив фондунун” негизги иш эрежелерине ылайык иш жүрүзүшөт. Мамлекеттик архивдеринин топтоо булактарынын курамына киргизилген мекемелерди, уюмдарды, ишканаларды көзөмөлдөөнүн жана усулдук жардам берүүнүнүн негизинде тиешелүү нускама жана токтомдордун негизинде бир жылдык план түзүлүп, пландын негизинде комплекстүү, тематикалык, көзөмөлдүк текшерүүлөр жүргүзүлөт. Мекемелерге чыккан текшерүүлөрдүн иш кагаздарынын туура жүргүзүлүшү жана документтердин туура сакталышы, көктөмөлөрдүн номенклатурасынын туура түзүлүшү жана ведомстволук архивдин талапка жооп бериши боюнча маалымкаттарды жазып, мекемелерге окутуу семинарлары өткөрүлүп турат. Катачылыкка жол берген мекемелер жоопко тартылып, айып пул салуу да каралган. Топтоо булактын тизмесиндеги мекемелерге 3 жылда бир паспорттоштуруу жүргүзүлөт, усулдук жардамдар берилет жана мекемелердин отчеттору жалпылаштырылып, жыйынтыгы чыгарылат.

Мамлекеттик архив инспекциясы тиешелүү мыйзамдардын жана буйруктардын негизинде түзүлгөн. Мамлекеттик архив инспекциясы өз ишинде КР Конституциясын, КР мыйзамдарын, ченемдик -укуктук актыларын жана жобосун жетекчиликке алат. КР Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине ылайык жана архив мыйзамдарын бузгандыгы үчүн Мамлекеттик архив инспекциясы көзөмөлдөөчү орган болуп саналат. Мамлекеттик архив инспекциясы юридикалык жак болуп саналбайт. Расмий документ берүүдө Ош регионалдык архив кызматынын мөөрү колдонулат. Мамлекеттик архив инспекциясынын негизги милдеттери КР Улуттук архив фондусунун документтеринин сакталышын камсыз кылуу жаатында архив мыйзамдарынын сакталышына мамлекеттик көзөмөл жана текшерүү болуп саналат. Ошондой эле КР Улуттук архив фондусунун документтеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн КР мыйзамдарын жана башка укуктук-ченемдик актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана киргизүү каралган. Мындан тышкары, мамлекеттик жана ведомстволук архивдеринин кызматкерлерине КР Улуттук архив фондусунун документтеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн КР архив мыйзамдарын өздөштүрүүгө көмөктөшөт.

Беттерди даярдаган:
К.Кыдыралиева.

AIM LaW.Partners.

ОсОО «АИМ.Лоу.Партнерс» объявляет о проведении публичных торгов на следующие предметы залога в ОАО «Элдик Банк»:

- квартира, общей площадью 38,52 кв.м., жилой площадью 20,19 кв.м., расположенная по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Курманжан-Датка, д. 142, кв. 23, идентификационный код: 5-11-02-0070-0003-01-023, принадлежащая на праве частной собственности ОсОО «ВИЗИОН ГРУПП».

Публичные торги состоятся 26 мая 2026 года в 10:00 часов по месту расположения имущества. Начальная (стартовая) продажная цена – 2 538 000 сом (два миллиона пятьсот тридцать восемь тысяч сом).

- - нежилое помещение, общей площадью 120,46 кв.м., расположенное по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, ул. И. Монуева, д. 19б/63, идентификационный код: 5-11-08-0182-0110-01-063, принадлежащее на праве частной собственности ОсОО «ВИЗИОН ГРУПП».

Публичные торги состоятся 26 мая 2026 года в 10:30 часов по месту расположения имущества. Начальная (стартовая) продажная цена – 9 422 000 сом (девять миллионов четыреста двадцать две тысячи сом).

- нежилое помещение, общей площадью 92,81 кв.м., находящееся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, ул. И. Монуева, д. 19б/64, идентификационный код: 5-11-08-0182-0110-01-064, принадлежащее на праве частной собственности ОсОО «ВИЗИОН ГРУПП».

Публичные торги состоятся 26 мая 2026 года в 11:00 часов по месту расположения имущества. Начальная (стартовая) продажная цена – 7 277 000 сом (семь миллионов двести семьдесят семь тысяч сом).

Желающим принять участие на публичных торгах, не позднее чем за один день до торгов необходимо подать заявку в ОсОО «АИМ. Лоу.Партнерс» и внести гарантийный взнос в размере 5 (пять) % от начальной (стартовой) продажной цены на банковский счёт организатора торгов в ЗАО «Кыргызский Инвестиционно-Кредитный Банк» («Kyrgyz Investment and Credit Bank»), № 1280096054371310 (сом), БИК 128009.

Участник, выигравший публичные торги, должен в течение 5 (пяти) дней внести на расчетный счет организатора торгов сумму (покупную цену) за вычетом суммы ранее внесенного гарантийного взноса.

Телефон для справок:

0312 88 88 86, 0555 550 888,

адрес: 720011, г. Бишкек,

ул. Фрунзе, 429,

e-mail: aimpartners.kg@ gmail.com.

Акционер чогулушу

АООТ “Авиценна” 2026-жылдын 12-майында саат 14-00дө Кара-Суу шаары. Ленин көчөсү-9 дарегинде АООТ имаратында өтө турган жылдык акционерлердин жыйынына чакырат.

Күн тартиби:

1. Сынак комиссиясын шайлоо
2. 2025-жыл үчүн каржылык-чарбалык ишмердүүлүк боюнча отчетту угуу жана талкуулоо. Жылдык балансты, киреше жана чыгашалар эсептерин бекитүү
3. Текшерүү комиссиясынын отчетун угуу
4. Пайданы бөлүштүрүү тартиби
5. 2026-жылдын бюджетин бекитүү боюнча чечим кабыл алуу
6. Ички аудиторду шайлоо жөнүндө

Жыйынга катышууңуздарды өтүнөбүз.

Собрание акционеров

АООТ “АВИЦЕННА” извещает вас о том, что годовое собрание акционеров состоится 12 мая 2026 года в 14-00 часов по адресу г. Кара-Суу, ул. Ленина-9 в здании АООТ с повесткой дня:

1. Избрание счетной комиссии
2. Отчет финансово-хозяйственной деятельности за 2025 год, утверждение годового баланса, счета прибылей и убытков
3. Отчет ревизионной комиссии
4. Порядок распределение прибылей
5. Утверждение годового бюджета на 2026 год
6. Избрание внутреннего аудитора.

ххх

АООТ Гулазык объявляет общее годовое собрание акционеров на 18 мая 2026 года в 14-00 часов. В административном здании АООТ Гулазык по адресу г.Ош ул. Абакир уулу Торобек 2 д.

Повестка дня:

1. Выборы счетной комиссии
2. Отчет о финансово-хозяйственной деятельности за 2025 год
3. Утверждение годового баланса, счета прибылей и убытков
4. Порядок распределения прибыли
5. Отчет ревизионной комиссии
6. О добровольной ликвидации АООТ Гулазык.
7. Об избрании ликвидационной комиссии
8. Об уведомлении Ошское управление юстиции о ликвидации Общества

ххх

АООТ «Гулазык» 2026-жылдын 18-майында саат 14:00дө акционерлердин жылдык жалпы жыйынын өткөрөрүн жарыялайт.

Жыйын Ош шаары, Абакыр уулу Торобек көчөсү 2-деги АООТ «Гулазык» административдик имаратында өтөт.

Күн тартиби:

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо
2. 2025-жылдын финансылык-чарбалык ишмердүүлүк боюнча отчету
3. Жылдык баланс, киреше жана чыгаша эсептерин бекитүү
4. Пайданы бөлүштүрүү тартиби
5. Ревизиялык комиссиянын отчёту
6. АООТ «Гулазык»ты ыктыярдуу жоюу жөнүндө
7. Жоюу комиссиясын шайлоо жөнүндө
8. Коомду жоюу тууралуу Ош шаардык юстиция башкармалыгына билдирүү жөнүндө

ххх

«Ошмедтехника» АКК 2026 – жылдын 16- майында саат 11.00 –дө акционердин жалпы чогулушун өткөрөт.

Дареги: Ош ш. Парпиев көч. н\ж.

Күн тартиби:

1. Эсептөө комиссиясынын шайлоо
2. 2025-жылдык финансы жана чарбалык ишмердүүлүк жөнүндө отчету . Балансты киреше- чыгашалардын эсебин бекитүү.
3. Ревизордун отчету
4. 2026-жылдын бюджетин бекитүү.
5. Кирешени бөлүштүрүү порядкасы.
6. Директорду жана ревизорду шайлоо.

Кайрадан чогулуш болоорун эскертет

“Карасусельхозтехника” ААК акционердин кезектеги жылдык жалпы чогулушун кайрадан өткөрө турганын жарыялайт. Чогулуш 2026 - жылдын 23 – Майда саат 11:00 дө Карасу шаары культурная көчөсү 29 дарегинде өтөт.

Кун тартиби:

1. Санак комиссиясынын курамын шайлоо.
2. 2025 – жыл үчүн каржылык-чарбалык ишмердуулук тууралуу отчет. Бухгалтердик балансты бекитүү,
3. Кирешени бөлүштүрүү тартиби.
4. Текшерүү комиссиянын отчету жана аудитордун жыйынтыгы.
5. 2026 – жылдын бюджетин бекитуу.
6. Ички аудиторду шайлоо.
7. Карасусельхозтехника А К. коомунун уставын КР мыйзамына ылайык бекитуу.

Акционер чогулушу болуп өткөндүгүн кабарлайт

ОАО «Болот» информирует об итогах проведенного общего годового собрания акционеров, которое состоялось 09 апреля 2026г. Кворум собрания 84,8% от общего числа голосов. Была избрана счетная комиссия из трех человек. Утвержден отчет о ФХД за 2025г. Утвержден порядок распределения прибыли, решено направить на выплату дивидендов 50% на одну акцию 44,77 сом. День выплаты 01.07.2026г. День списка 09.04.2026г. Утвержден отчет ревизора и годовой бюджет на 2026г. Избрана ревиз. комиссия, секретарь общества. Утвердили заключение аудиторской проверки. Утверждено решение о списании 10 ед. основных средств. Рассмотрен вопрос по земельному участку.

ххх

ОАО «Ошоблтопография» объявляет об итогах проведенного общего годового собрания акционеров, состоявшего 15 апреля 2026 года в 12-00 часов по адресу: город Ош, ул. Курманжан Датка, 209. Количество акций – 3860534 экз., в том числе простых акций – 3860534. Всего голосующих и размещенных акций – 3 687 827 экз. Кворум общего собрания составил 95,53 %.

Все вопросы, поставленные в повестку дня, заслушаны и рассмотрены с положительными решениями. По итогам года прибыль составила 549,8 тыс. сомов. Из них в фонд потребления идут 40 % – 219,9 тыс. сомов. На выплату дивидендов направлено 30 % от полученной прибыли – 164,9 %, 25 % на развитие производства – 137,4 тыс. сомов, 5 % – резервный фонд – 27,5 тыс. сомов.

Размер дивидендов на 1 акцию составляет 0,0427 сомов. День объявления о выдаче дивидендов — 17 апреля 2026 года, в течение 3 месяцев текущего года.

Акционерлердин жылдык жалпы жыйыны өттү

ААК «Ошоблтипография» 2026-жылдын 15-апрелинде саат 12:00дө өткөн акционерлердин жылдык жалпы жыйынынын жыйынтыгын жарыялайт. Жыйын Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү, 209 дарегинде өткөрүлгөн. Акциялардын жалпы саны – 3 860 534 даана, анын ичинде жөнөкөй акциялар – 3 860 534 даана. Жалпы добуш берүүчү жана жайгаштырылган акциялар – 3 687 827 даана. Жалпы жыйындын кворуму 95,53 % түздү.

Күн тартибиндеги бардык маселелер угулуп, оң чечимдер кабыл алынды. Жыл жыйынтыгы боюнча пайда 549,8 миң сомду түздү. Анын ичинен керектөө фондуна 40 % – 219,9 миң сом бөлүндү. Дивиденддерди төлөөгө алынган пайданын 30 % – 164,9 миң сом, өндүрүштү өнүктүрүүгө 25 % – 137,4 миң сом, резервдик фондго 5 % – 27,5 миң сом бөлүндү.

Бир акцияга дивиденддин өлчөмү 0,0427 сомду түзөт. Дивиденддерди берүү тууралуу жарыяланган күн — 2026-жылдын 17-апрели, төлөө мөөнөтү – ушул жылдын 3 айынын ичинде.

Собрание акционеров

ОАО «Карасуу-Дан-Азык» объявляет о проведении общего собрания акционеров, которое состоится 23 мая 2026 года в 10-00 часов по адресу: г.Карасуу, ул.Ленина, 1. Доверенным лицам иметь при себе доверенность, заверенную в нотариусе.

Повестка дня:

1.Выборы счетной комиссии

2.Отчет Председателя правления о финансово-хозяйственной деятельности за 2025 года

3.Отчет ревизионной комиссии за 2025 год

4.Утверждение годового баланса, счетов о прибылях и убытках за 2025 год

5.Распределение прибыли за 2025 год

(уланыдсы 7-бетте)

(башталышы 6-бетте)

6.Утверждение годового бюджета на 2026 год

7.О заключении договора с аудиторской компанией на 2026 год

8.О внесение изменений и дополнений в Устав общества

9.Выборы нового состава Совета Директоров

10.Выборы нового состава внутреннего аудита

11.О реконструкции элеватора и мельницы

12.О реализации и списании основных средств

13.Дача согласия исполнительному органу на выставление в залог имущества и

денежные средства ОАО «Карасуу-Дан-Азык»: А) для получения банковской гарантии на участие в тендерах; Б) для получения банковской гарантии для контракта; В) для получения банковской гарантии на авансовые платежи; Г) на получение кредита во всех банках Кыргызстана; Д) выставить в залог имущество ОАО «Карасуу-Дан -Азык : 1.для оборота денежных средств. 2. для постройки комбикорм заводаю.

ххх

«Карасу-Дан-Азык» ААК 2026 –жылдын 23 - майда Карасуу шаары, Ленина көчөсү , 1 дарегинде саат 10:00 до акционердин жалпы чогулушунун өткөрөөрүн билдирет.

Күн тартиби:

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо

2. «Карасу-Дан-Азык» ААК нын башкы директорунун 2025-жылдагы финансылык-чарбалык ишмердүүлүгү боюнча жылдык отчетун бекитүү

3. Текшеруу комиссиянын 2025-жыл боюнча отчетун бекитүү

4. 2025-жылдагы жылдык бухгалтердик балансын бекитүү

5. 2025-жылдагы пайданы бөлүштүрүү

6. 2026- жылдын бюджетин бекитүү.

7.2026-жылга көз карандысыз аудиторду тартууну бекитүү

8.Уставка өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

9. Директорлор кенешинин мучолорун шайлоо

10.Ички аудиторду шайлоо.

11.Элеваторду жана тегирменди реконструкциялоо жөнүндө

12.Негизги каражаттарды сатуу жана эсептен чыгаруу боюнча

13.«Карасуу-Дан-Азык» ААКнын мүлкүн жана акча каражаттарын күрөөгө коюу боюнча аткаруу органына макулдук берүү: А) тендерлерге катышуу үчүн банктык кепилдик алууга; Б) келишим боюнча банктык кепилдик алуу; В) аванстык төлөмдөргө банктык кепилдик алууга; Г) Кыргызстандын бардык банктарынан кредит алууга; Д) Карасуу-Дан-Азык ААКтын мүлкүн күрөөгө коюуга: 1. акча каражаттарынын кыймылы үчүн; 2. тоют цехин куруу учун

Собрание акционеров

ОАО «Келечек» объявляет о проведении общего собрания акционеров, которое состоится 19 мая 2026 года в 11-00 часов по адресу: г.Ош, ул.Карасуйская, 1. Доверенным лицам иметь при себе доверенность, заверенную в нотариусе.

Повестка дня:

1.Выборы счетной комиссии

2.Отчет директора о финансово-хозяйственной деятельности за 2025 год

3.Отчет ревизионной комиссии за 2025 год

4. Утверждение годового баланса счета прибылей и убытков

5.Распределение прибыли за 2025 год

6. Утверждение годового бюджета на 2026 год

7.О заключении договора с аудиторской компанией на 2025 год

8.О внесении изменений и дополнений в Устав общества

9.Выборы директора общества

10.Выборы ревизионной комиссии

11.О реализации и списании основных средств, жилых домов, незавершенного жилого дома

12.О реализации квартир по адресу: г.Ош, ул.Абдыкадырова, 195 Е: квартира №4, №7, №9, №12, №16, №17

13.Дача согласия исполнительному органу на выставление в залог имущества и денежные средства АО «Келечек»: а). для получения банковской гарантии на участие в тендерах;

б). для получения банковской гарантии для выполнения контракта; в). для получения банковской гарантии на авансовые платежи; г). на получение кредита в ОАО «Айыл Банке»

д).на получение кредита во всех банках Кыргызстана

ххх

«Келечек» ААК 2026 –жылдын 19 - майда Ош шаары, Карасуйская көчөсү - 1 дарегинде саат 11:00 до акционердин жалпы чогулушунун өткөрөөрүн билдирет.

Кун тартиби:

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо

2. «Келечек» ААКнын директорунун 2025-жылдагы финансылык-чарбалык ишмердүүлүгү боюнча жылдык отчетун бекитүү

3. Текшерүү комиссиянын 2025-жыл боюнча отчетун бекитүү

4. 2025-жылдагы жылдык бухгалтердик балансын бекитүү

5. 2025-жылдагы пайданы бөлүштүрүү

6. 2026- жылдын бюджетин бекитүү.

7.2026-жылга көз карандысыз аудиторду тартууну бекитүү

8.Уставка өзгөртуулөрду жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

9. Директорду шайлоо

10.Ички аудиторду шайлоо.

11.Негизги каражаттарды, турак жайларды жана курулушу бүто элек турак жайларды сатуу жана эсептен чыгаруу жөнүндө

12.Ош шаары, Абдыкадыров көч., 195 Э дареги боюнча батирлерди сатуу боюнча: №4, №7, №9, №12, №16, №17 батирлер

13. Аткаруучу органга «Келечек» АКнын мүлкүн жана каражаттарын күрөөгө коюуга макулдук берүү: а) тендерлерге катышуу үчүн банктык кепилдикти алуу; б) келишимди аткарууга банктык кепилдик алууга; в) аванстык төлөмдөргө банктык кепилдик алууга; г) «Айыл Банк» ААКдан кредит алууга;г) Кыргызстандын бардык банктарынан кредит алуу.

ххх

АО “Компания КБК” обьявляет о проведение общего годового собрание акционеров которое состоится 21 мая 2026 года в 11-часов по адресу: г. Ош ул. Нурматова -70.

Повестка дня:

1. Избрание счетной комиссии
2. Отчеты о ФХД за 2025 г. Утверждение баланса
3. Выборв гендиректора
4. О внесение изменений и дополнений в Устав
5. О вызыскании и выделении доли участника ОсОО “Буудай Нан”
6. О реструктуризации основных средст АО (реализация, обмен, привлечение инвестора и проч)

ххх

ААК “Компания КБК” акционерлердин жылдык жалпы жыйыны өткөрүлөрүн жарыялайт, ал 2026-жылдын 21-майында саат 11:00дө төмөнкү даректе өтөт: Ош шаары, Нурматов көчөсү, 70.

Күн тартиби:

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо
2. 2025-жыл үчүн финансылык-чарбалык ишмердүүлүк боюнча отчеттор. Балансты бекитүү
3. Башкы директорду шайлоо
4. Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө
5. “Буудай Нан” ЖЧКсынын катышуучусунун карызын өндүрүү жана бөлүштүрүү жөнүндө
6. Акционердик коомдун негизги каражаттарын реструктуризациялоо (сатуу, алмашуу, инвестор тартуу ж.б.)

ххх

АО “Кара-Шоро” обьявляет о проведении общего собрания акционеров которое состоится 17-мая 2026 года в 11-00 часов по адресу: г.Узген ул. Яссы без номера.

Повестка дня:

1. Утверждение состава счетной комиссии.
2. Отчет о ФХД за 2025-год Утверждение баланса.
3. Выборы ревизоров.
4. Утверждение аудиторской компании.
5. О внесение измененииий в Устав АО “Кара-Шоро”.

ххх

2026-жылдын 17-майында саат 11-00дө “Кара-Шоро” АК акционерлердин жылдык жалпы чогулушу болоорун жарыялайт. Дареги: Өзгөн шаары. Яссы көчөсү.

Күн тартиби:

1. Эсептөө комисссиясын бекитүү
2. 2025-жылдагы финансылык-чарбалык ишмердүүлүгү боюнча жылдык отчетун бекитүү
3. Ревизорлорду шайлоо
4. Аудитордук компанияны бекитүү
5. “Кара-Шоро” АК нун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.

Жараксыз деп табылсын

Равшан кызы Аидага 2021-жылдын ОшМУнун орус филология факультетин бүтүргөндүгү тууралуу берилген ТБ № 210003436 каттоо № 75 болгон дипломунун тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Торг

«ОсОО «Люкс Консалт» объявляет о проведении судебных публичных торгов в форме открытого аукциона, которые состоятся "28" мая 2026 года в 14:00 ч. по адресу: Ошская область, Кара-Сууйский р/н, Нариманский айыл акмак, с. Нурдор, ул. Юлдашева №120

На торги выставляется заложенное имущество:

ЛОТ Жилой дом (земля и строение), полезной площадью 132,04 кв.м., жилой площадью 111,07 кв.м., расположенный на земельном участке мерою 796,8 кв.м., находящееся по адресу Ошск. Обл., Кара-Суйский р/н, с/у Нариман, с. Нурдор, ул. Юлдашева №120, принадлежащий на праве собственности Юлдашовой Кандалатхан, на основании пост. с/у Нариман №1957 от 04.04.2002 г., гос. Акт серии ЧП№171678 ОТ 31.10.2008 г., ИК 5-04-11-1012-0465.

Стартовая цена заложенного имущества составляет 6 966 000 (шесть миллионов девятьсот шестьдесят шесть тысяч) сом.

Для участия в судебных публичных торгах необходимо внести гарантийный взнос – 1 % от стартовой стоимости – на р/с 1110002000041858 БИК 111006 ЗАО «Банк Азии» до начала проведения публичных торгов. Имущество реализуется в сомах.

Выигравшим судебные публичные торги на открытом аукционе признается лицо, предложившее наиболее высокую цену за продаваемое имущество. Покупная цена подлежит внесению в течение пяти банковских дней за вычетом суммы, внесенного гарантийного взноса после проведения торгов.

Сведения об Организаторе торгов:

ОсОО «Люкс Консалт», адрес: г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова, д. 14, кв. 41, тел. 0-(312) 56-88-25, 0-(772) 30-30-32, р/с в сомах 1110002000041858, БИК 111006 ЗАО «Банк Азии», код ОКПО 29403204, ИНН 01603201610167

Аукцион

Отуз-Адыр айыл аймагынын Отуз-Адыр айылында жайгашкан муниципалдык менчиктеги эски урук заводдун складынан 0.20 га жер аянты аукцион аркылуу ижарага берилет.

Аукцион 2026-жылдын 27-майында саат 11:00 дө Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өткөрүлөт.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
Б. Ысакова

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: 7-13-34
Жооптуу катчы: 7-10-02
Жарнак бөлүмү: 7-11-31
E-mail: oshjangaz@gmail.com

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 447
Нускасы: 1900

БАЛДАР БАКЧАСЫНДАГЫ БАРААНДУУ ИШТЕР





Тарбия жаатына жаштайынан кызыккан наристе кыялында мектеп жашында жүргөндө эле алдынкы окуучулардан болуу менен келечекте билим тарбия берип жаткан эжей, агайларындай коомчулукка пайда алып келүүчү кесип ээси болууну сезиминде багып жетилген Аматжакыпова Динара Арапбаевна 1982-жылдын 27-август жай саратандын аптаптуу күнүндө жарык дүйнөгө келген. Ошондон сезим жан дүйнөсү жылуу, дайыма айлана тегерегине мээримдүүлүктү тартуулаган мүнөздөгү эмгекчил, ак ниеттүүлүктү жанына жан периште кылган кулк мүнөздүүлүгү жаштайынан калыптанган экен десек жаңылыштык эмес чыгаар. Ал орто мектепти алдынкы окуучулардан болуп аяктаган соң келечектеги самаган кесибине ээ болуу максатында Ош мамлекеттик университетинин "Дүйнөлүк тилдер" факултетинин англис тили мугалими адистигине тапшырат. Ошол учурдагы жашоо шарттагы оош кыйыштарга карабай тандап алган кесибинин мыкты адиси болуп чыгуу максатында окуунун жүрүшүндө коюлган план программаларды аракетчилдик менен кошо окуган курбуларынын арасында алдынкылардан болууну максат кылган Динара сабактарды жакшы өздөштүрүүнүн натыйжасында алдынкы студенттерден атыгат. Ал алгачкы жылдары эле окуу жайдын жана өзү билим алып жаткан факультеттин коомдук иштерине активдүү катышуусу анын билимдүү, келечекте жаш муундарды мектептерде тарбия таалим берип чыгарууга даңгыр жол ачаарына жаштайынан эле таасирленет. Студенттик күндөрү зымырап учкан куштай ушунчалык тез өткөнүн өзү да ошол учурда сезбегенине азыр тажрыйбалуу такшалган, эл кадырлоосуна ээ болуп калган учурда



дайыма кылчайып кыялына кылт эттирмейди адат кылып алган. Азыркыдай маани маңыздуу иштермандыка ээ болуу максатынын башаты мындан жыйырма бир жыл илгери алгачкы эмгек жолун баштаган күнү экендигин күнүмдүк эмгектенүүсүндө дайыма эстеп келет.

Ал 2004-2005-окуу жылында Ноокат районундагы "Берунийорто мектебинде англис тили мугалими болуу менен эмгек жолунун алгачкы чыйырын баштайт. Бул жерде бир жыл толук эмгектенет. 2005-2012-жылдары Кара-Суу районуна караштуу "Беш-Мойнок" орто мектебинде англис тили мугалими болуп дээрлик жети жылдай үзүрлүү эмгектенет. Мектепте алдынкы мугалимдерден атыгат. Эмгек тажрыйбасын жылдан жылга өркүндөтүүнүн үстүндө изденүүчүлүк менен эмгектенет. Анын мындай аракетчилдигин сезген мектептин жетекчилиги, айылдагы жалпы журт колдоого алуу менен оң пикирдеги ооматтуу ойлорду Динара Арапбаевнанын даарегине багыштоону бир пикирге айландырышат.

Бала тарбиялоонун башаты бакчада экендигин жакшы түшүнгөн айыл аймагынын жетекчилиги, жалпы ата-энелер Динаранын эмгекчил, уюштургуч, таалим тарбия берүүдө билим деңгээлинин жогору экендигин эске алуу менен 2013-жылы "Достук-Наристе" мектепке чейинки таалим тарбия берүүчү балдар бакчасына жетекчи кылып дайындап алышат. Ошондон бүгүнкү күнгө чейин мектепке чейинки таалим тарбия берүүчү мекемеде дээрлик он үч жылдан бери жетекчилик кызматта кынтык жигин чыгарбай ак ниеттүүлүк менен эмгектенүүдө.

Тажрыйбалуу адис, балдардын күлкүсү жаңырган балдар бакчасында эмгектенген жылдарда Аматжакыпова Динара Арапбаевна бир топ ийгиликтерди жаратуунун үстүндө үзүрлүү эмгектенгени элдин колдоосуна алынып анын кадыр-баркын даана жогорулатты.

Бакчанын материалдык базасын чыңдоо максатында демөөрчүлөрдүн каржылык каражаттар көп колдонулган. Балдардын келечеги бакчада экендигин эске алганда ойноо, аң сезими жаңыдан эс тутумда баалана баштаган мезгилден балдарга ар кандай дидактикалык материалдарды, көргөзмө куралдарды тарбия жаатында мыкты колдонуу, сырткы дүйнө таанымды образдуу ачып берүү бакчада иштеген кызматкерлердин негизги милдеттери экендигин унутта калтырбоо жетекчинин уюштуруучулук негизги табити экендигин Динара эжеке көп жактуу түшүнүү менен түйшүктөнүп иштеп келүүсүндө ийгиликтери арбын.

Бакчаны материалдык- техникалык, базис-базасын чыңдоо максатында жакшы иштер жүргүзүлгөн. Эл аралык донор уюмдар менен иштешүүнүн негизинде балдар ойноочу аянтча жана жайкы эс алууга ылайыкташтырылган эки салкындыкты кармаган беседка салынган. Дүйнөлүк банктын колдоосундагы Мерсико эл аралык уюмдар менен иштешүүнүн натыйжасында керектүү эмеректер сатылып алынган. Балдар бакчасындагы азыркы пайдаланып жаткан типтүү балдар бакчасы 1970-жылы курулган. Анын оңдоп-түзөө иштерин капиталдык негизде жүргүзүүнүн натыйжасында "Ак-Чөлмөк" мектепке чейинки балдар бакчасы катары учурда иштеп жатат. Бакчада 205 бала тарбияланууда. Балдарга таалим-тарбия берүүдө отуз кызматкер эмгектенет. Учурда жети тайпа бар. Учурдун талабына ылайык тарбия иштерин жүргүзүүдө Солтонова Назгүл, Жумабаева Чолпон, Абдуллаева Канатай өндүү тарбиячылар он алты жылдан бери үзүрлүү эмгектенүү менен бакчадагы эмгек алдынкылары катары бааланышат. Ал эми бакчада иштеп жаткан жаш тарбиячыларга үлгү катары өз эмгек тажрыйбаларынан бөлүшүүгө алар дайымы даяр экендиги менен кадыр баркка ээ. Жаш тарбиячылар Асилбек кызы Жазгүл, Матмусаева Нуржамал, Атабаева Зухура, Полотова Айжал, Наватова Үпөл сыяктуу тарбиячылар менен кошо жардамчы тарбиячылар Исандаева Максуда, Эргешова Барчын, М.Усмановалар да иштешет.



Бакчанын башчысы Динара айым балдардын ден-соолугунун жана ар тараптуу бакубат чоңоюшуна тамак аштын таасири күчтүү болушуна көп жактуу маани берет. Ошондон бакчадагы ашпозчулардын ишине тамак аш жасалуучу азыктардын сапатына кош көңүл карабай ар дайым өзү текшерүүгө алып, колдонулуучу жашылчалардын күнүмдүк таза болуусуна талапты катуу коёт. Балдарга тамак аш өз учурунда биринчи, экинчи тамактарды даамдуу келиштире жасалып балдарга тамактанууга сунушталат. Мындан сырткары балдарга чай, компот да сунушталат. Нан азыктары бакчанын ашканасында өз убагында жасалат. Бул иштерди ашпозчулар Абдыкадырова Гулмира жана Азизакунова Наргизалар бакчадагы балдарга даамдуу тамактарды өз убагында жасоо менен жан дилден кызматтарына берилүү менен иштегендигинин натыйжасы десек болот.

Ушундай жакшы иштердин таасиринде бакчада көп ийгиликтер жаралууда. 2025-26-жылдарда Билим берүү министрлиги тарабынан эки түстүү телевизор берилген. Бакчанын имаратына видио көзөмөл коюлган. Мындан сырткары бакчанын ички эмеректери да толугу менен жаңыртылган.

Бакчанын жетекчисинин көп жылдык эмгеги элдин колдоосунда бааланып Аматжакыпова Динара Арапбаевна эки жолу Мады айылдык аймактык кеңешине депутат болуп шайланган. Мындан сырткары Кара-Суу райондук кесиптик кошундун, облустук профсоюз уюмунун Ардак грамоталарын алууга арзыган. Балдар бакчасы Кара-Суу райондук балдар бакчалар арасында өткөрүлгөн кароо-сынакта жеңүүчүлөрдөн болгон. Бул ийгиликтери үчүн үчүнчү даражадагы Диплом менен сыйланган.

Жогорудагы жаралган ийгиликтер коллективдеги ынтымакчылыктын жана жалпы элдин, Мады айыл аймагынын администрациясынын жана жергиликтүү кеңештин депутаттарынын колдоолорунун таасиринде жаралды десек жаңылыштык эмес. Аталган ийгиликтерди жараткан бакчанын башчысы Аматжакыпова Динара Арапбаевна 2025-жылдын башынан сынактык негизде кайрадан жетекчилик жаңы мөөнөткө дайындалды. Эми мындан ары да жогорудагыдай жаратман ийгиликтер жаңы деңгээлге көтөрүлөт деген ишенич бар.

Динара айым бакчанын жетекчиси катары өз үй-бүлөөсүнө да камкор. Ал жолдошу экөө бир уул, бир кызга татыктуу тарбия берүү менен алдынкы үй бүлөөлөрдүн катарында жашап келишет.

М.Жуманазаров.